# Бишкек шаарындагы №87 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде 2020-2021-окуу жылынында аткарылган иштер боюнча маалымдама

2019-2020-окуу жылы онлайн аяктагандыгына байланыштуу онлайн окутуунун оң жана терс жактарын эске алуу менен бирге төмөндөгүдөй сунуштар жана милдеттер аткарылды:

1. Кандай гана кырдаал болбосун мугалим окуучуларга жеткиликтүү билим берүү үчүн ар тараптуу ыкмаларды колдоно билүүгө аракет кылышты.
2. Окуучу жана ата-эне мектеп менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын билим алуусуна өбөлгө түзө алды.
3. Аралыктан окутуу учурунда окуучуларды деңгээлдештирип окутууну ишке ашырууда кыйынчылыктар жаралды.

№87 жалпы орто билим берүү мектеби "Ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу" деген теманын үстүндө иш алып барып келет. Ошонун негизинде кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси "Кыргыз тили жана адабияты сабагын окутууда ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу" деген теманы тандап алган.

**Теманын максаты:**

Кыргыз тили жана адабияты сабагын окутууда окуучулардын сүйлөө кебин ар тараптан өстүрүүгө жана сабаттуу жаза билүүгө үйрөтүү менен алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө багыт берүү.

Усулдук бирикмедеги ар бир мугалим ушул теманын негизинде өздөрүнө тиешелүү тема тандап алып, бүгүнкү күндө иш алып барышууда.

2020-2021-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабагынан календардык тематикалык программа усулдук бирикмеде талкууланып, план программа түзүлүп, УБ жетекчиси жана мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилип берилди. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде эмгектенген мугалимдер тууралуу маалыматка токтоло кетсек:

| № | Мугалимдин аты, жөнү | Кайсы Окууну качан, кай-дан бүткөн, билими | Кесиби | Берип жаткан предмети | Жалпы стаж. Пед стаж | Катего-рия | Курстан качан, кайдан өткөн |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сүйналиева Малина Мүзүрбековна | КМУ Жогорку 2010 | Кыргыз тили, адабияты | Кыргыз тили, адаб | 10ж | II | 2018 КББА |
| 2 | Курманбекова Карлыгач Жумакадыровна | КМУУ 2002 жогорку | Кыргыз тили, адабияты | Кыргыз тили, адаб | 20ж | жогорку | 2018 КББА |
| 3 | Турунтаева Калбү | КЖПИ 1986 | Кыргыз тили, | Кыргыз тили, | 34ж/ 21ж | жогорку | 2015 КББА |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Амировна | жогорку | адабияты | адаб | | | |
| 4 | Сагынбаева Гүлзат Муратбековна | ЫКУ 2002 жогорку | кыргыз тили адабияты | кыргыз тили адабияты | 18ж | I | КББА 2018 |
| 5 | Табылдиева Айжан Нурлановна | КУУ 2013 жогорку | кыргыз тили адабияты | кыргыз тили адабияты | 5ж | - | - |
| 6 | Урматова Айчүрөк Дүйшеевна | БГУ Жогорку 2011 | кыргыз тили, адабияты | Кыргыз тили, адаб | 9ж | II | 2016 КББА |
| 7 | Кабылова Давлатай Таировна | КМУ 2005 жогорку | Кыргыз тили, адабияты | Кыргыз тили ,адаб | 11ж 5ай | I | 2018 КББА |
| 8 | Сыдыкова Жылдызай Рустамовна | Бат МУ 2002 жогорку | Кыргыз тили, адабияты | Кыргыз тили ,адаб | 13 жыл | - | 2017 КББА |

2020-2021-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинен декабрь айында Курманбекова К.Ж жана Сагынбаева Г.М, ал эми март айында Сыдыкова Ж.Р өз билимдерин өркүндөтүү максатында курстан өтүштү.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесине тиешелүү бир "Манас" кабинети, эки кыргыз адабияты, бир кыргыз тили кабинети бар. Бул кабинеттер тиешелүү материалдар менен жабдылып, кыргыз адабияты кабинети электрондук доска менен камсыз болгон.

2020-2021-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабагынан календардык тематикалык программанын негизинде усулдук бирикме карап талкуулап, календардык тематикалык план түзүлүп, УБ жетекчиси жана мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилип берилди. Былтыркы окуу жылынын аягында түзүлгөн болжолдуу иш план талкууланып, алымча-кошумчалар киргизилип, мектеп директору тарабынан 2020-2021-окуу жылынын иш планы бекитилди. Усулдук бирикмеде жалпысынан 8 мугалим эмгектенет. Беш жылга түзүлгөн пландын негизинде тандалып алынган темалары бекитилип берилди. АХЧ боюнча директордун орун басары Бегалиева К техникалык өрт коопсуздугунун эрежелери боюнча УБнын мүчөлөрүнө түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Ар бир түзүлгөн календардык пландын негизинде жазуу иштеринин нормативдери коюлуп, коюлган норматив боюнча жазуу иштерин алуу керектиги тууралуу инструктаж өтүлдү.

Сентябрь айында 5-класстар ортоңку звеного өтүүнүн алгачкы баскычы болгондуктан кыргыз тили сабагынан окуучулардын билим сапатын текшерүү максатында текшерүү жат жазуусу алынды.

| кл | окуучу саны | жазг | жазб | “5” | “4” | “3” | “2” | а/э | б/с | жетишүү | окутуу деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | 37 | 28 | 9 | 5 | 10 | 13 | | | 54% | 100% | 57% |
| 5-б | 35 | 28 | 7 | 4 | 12 | 12 | | | 57% | 100% | 60% |
| 5-в | 35 | 32 | 3 | 5 | 15 | 12 | | | 60% | 100% | 61% |
| 5-г | 35 | 32 | 3 | 4 | 13 | 15 | | | 53% | 100% | 56% |
| 5-д | 35 | 31 | 4 | 3 | 15 | 13 | | | 58% | 100% | 61% |
| 5-е | 34 | 34 | 1 | 3 | 15 | 14 | 2 | | 55% | 99% | 59% |
| 5-ж | 33 | 31 | 2 | 4 | 12 | 15 | | | 52% | 100% | 57% |
| ж | 244 | 216 | 29 | 28 | 92 | 94 | 2 | | 56% | 99% | 59% |

**Жыйынтык:** Окуу онлайн түрүндө башталгандыктан мурунку жылдагы билим сапатына көңүл бурулду. Текшерүү учурунда катар келген үнсүздөрдөн, созулма үндүү катышкан сөздөрдөн, ташымалдоодон жана тыныш белгилерден ката кетиришкендери билинди.

Мамлекеттик тилдин 31 жылдыгына карата куттуктоо видеоролиги даярдалып, райондор арасында өткөрүлүүчү кароо-сынакта 3-орунду ээлешти. Мамлекеттик тилдин 31 жылдыгына карата 6-11-класстар арасында уюштурулган “Китеп-билим булагы” аттуу шаардык кароо-сынакка ийгиликтүү катышып, 6-классынын окуучусу Ибримова Канышай 1-орун-мугалими Кабылова Д, 7-классынын окуучулар Жээнбеков Абзал 2-орун, 1-орун-мугалими Турунтаева К, 10-классынын окуучусу Омурбекова Сезим 1-орун-мугалими Сагынбаева Г орунга ээ болушту.Бул окуучулар тил коммиссиясы тарабынан сыйлыктар менен сыйланышып, мугалимдер көгүлтүр Ысык-Көлгө үч күндүк жолдомо алышты.

Аралыктан окутуу учурунда 5-класстын окуучсуларынан улантмалуулук боюнча жазуу иштери жана окуу көндүмдөрү алынган жок. Окуу башталса алынат. 5-Г классынын кыргыз тили сабагына катышуу учурунда мугалим “google Meet” программасы менен окуучуларга слайд аркылуу сабак өттү. Аралыктан окутуу сабагына 25 окуучу катышты. Аралыктан окутуу учурунда 5-11-класстарда жазуу иштери алынып, убагында каталары эскертилип, баалары коюлду. Илимий изилдөө долбоор боюнча усулдук бирикме бул убакка чейин иштеп келет. Тажрыйбасын бөлүшүү максатында илимий изилдөө долбоорунун жетекчиси бирикменин мугалими Турунтаева Калбү эже жыйын куруп, изилдөө долбоорунун багыттарын айтты. Азыркы кырдаалга ылайык “Аралыктан окутуунун оң жана терс жактары” деген докладды жазып, олуттуу бир көйгөйлөрдү белгиледик.

Бул убакытка чейин мектепте начар окуган окуучулар үчүн атайын ийрим иштесе, ал эми быйылкы окуу жылында окуучулардын онлайн окуусуна байланыштуу кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча таланттуу балдардын шыгын ойготкон "Жаш толкун" ийримин уюштурулду. Бул ийримди мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Турунтаева Калбү жетектейт. Мугалим бул ийримдин планын түзүп, онлайн режиминде окуучуларга ар тараптуу тапшырма берип, окуучуларды сабакка кызыктырууда жана айрым окуучулар менен изилдөө долбоорлор менен иштешүүдө. Жыйынтыгында бул ийримге катышкан окуучулар көптөгөн ийгиликтерге жетип, райондук кароо сынактарда 1-орунду алып жатышты. Ноябрь айында мектеп ичинде окуучуларды предметтик олимпиадага даярдоо болуп, декабрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча олимпиаданын суроолору 5 бөлүктөн турду.

1. Текст менен иштөө

2. Сүйлөмдөрдү толуктоо

3. Грамматикалык тапшырмалар

4. Окшоштуктар

5. Берилген сөздөрдун маанилерин табуу

Олимпиадага 9-10-11-класстардын окуучулары катышты. 1-орунга 57 балл менен 11-класстын окуучулары Рахманбердиева Мадина жана Эргашева Раян, 2-орунга 53 балл менен 10-класстын окуучусу Жээнбекова Аймээрим, 3-орунга 52 балл менен 11-класстын окуучусу Турсунбек кызы Мадина чыгышты. Бул окуучулар райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышып, райондук олимпиадага даярданууга тапшырмалар берилди. Бул окуучулар райондук олимпиадага катышып, 2-турдан ылдый балл алып калышты.

4-декабрь "Манас" күнүнө карата онлайн конкурс өткөрүлдү. Сынакта окуучулар Манас айтышып, эпос боюнча берилген суроолорго жооп беришти. Жыйынтыгында кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланышты.

12-декабрь адабият күнүнө карата дилбаян, сүрөт, көркөм окуу онлайн кароо-сынактар уюшулуп, 1-11-класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.

Чейректин аягында 1-жарым жылдыкта кыргыз тили жана адабияты сабагынан жазуу иштеринин норматив боюнча алынышы текшерилип, кыргыз тили жана адабияты сабагынан 2-чейрегинин жыйынтыгы чыгарылды.

**2020-2021- окуу жылында аралыктан окутуу учурундагы көйгөйлүү маселелер**

Дүйнөнү дүрбөлөңгө салган пандемиядан улам 2020-2021-окуу жылы дагы пандемияга байланыштуу мектептер аралыктан окутууну улантышты.

Аралыктан окутуу учурунда интернет ар бир окучууга, мугалимге колдонууга мүмкүн болгон билимдин жана илимдин булагы болууда. Азыркы учурда интернеттен ар тараптуу маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк бар. Эң негизгиси, аралыктан окутуунун эң башкы пайдасы жана максаты-учурдагы пандемиядан сактануу. Ушундай татаал кырдаалда окуучулар менен иш алып баруу оңойго турган жок (мен үчүн). 5-класстардын окуучулары жогорку тепкичке көтөрүлгөндө аралыктан окутууда бир топ кыйынчылыктарды жаратууда.

1. Окуучуга тааныш эмес сабактар.

2. Ар бир предметтик мугалимдин ыкмалары.

3. Толук кандуу сабакты өздөштүрө алышпайт.

Пандемия учурунда окуучуларга жеткиликтүү билим берүү бизге деле кыйынчылык жаратпай койгон жок. Ошондой болсо да окуучуларга ар тараптуу программалар менен сабак өтүлүп жатты. Мугалимдер PowerPoint, XRecorder, Meet, Inshot программалары аркылуу сабак өтүп жатышты. Албетте, офлайн окугандай талап коё албасак дагы, аракеттенип окуучуларга маалымат берип жаттык.

3-чейректин башында 5-9-11-класстар адаттагыдай окуу программасында окуй башташты. Окуучуларга ар бир кабинет бекитилип берилип, санитардык эреже боюнча камсыз болду.

2020-2021-окуу жылында январь-февраль айларында туңгуч лексикограф К.Карасаевдин 120 жылдыгына карата бир айлык иш план түзүлүп, төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү:

№87 жалпы орто билим берүү мектебинде К.Карасаевдин ишмердүүлүгүнө арналып, окуучуларга багыт берүү максатында "Кыргыз мудариси – К.Карасаев" деген темада атайын бурч уюштурулду. Аталган бурчта белгилүү окумуштуунун эмгектери, басып өткөн өмүр жолу, үй бүлөсү тууралуу стенддер чыгарылган. Ошондой эле мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери белгилүү илимпоздун өрнөктүү өмүр жолуна арнап, "К.Карасаевдин өрнөктүү өмүр жолу" деген темада илимий конференция өтүштү. Конференция учурдагы кырдаалга байланыштуу ZOOM программасы аркылуу өткөрүлдү. 9-10-11-класстын окуучулары "К.Карасаев – мыкты агартуучу" деген темада дилбаян жаздырышты. Окуучулар дилбаян жазууда К.Карасаевдин тил илимине кошкон салымын баса белгилеп жазышса, айрым окуучулар ыр түрүндө жазышты.

10-классынын окуучусу Жээнбекова Аймээрим "Туңгуч лексикограф – К.Карасаев" деген темада илимий доклад жазса, 9-класстар арасында "К.Карасаев – белгилүү агартуучу" аттуу реферат жазылды. Атайын мектепте уюшулган таланттуу окуучулардын улуу окумуштууга арналган өздүк көркөм ырлары жазылды. Туңгуч лексикограф, белгилүү лексиколог,

түрколог К.Карасаевдин ишмердүүлүгүн камтыган видео-слайд даярдалып, окуучуларга көрсөтүлдү.

2020-2021-окуу жылында Бишкек шаарындагы №87 орто мектебинде 21-февраль-Эне тил күнүнө карата иш чара өткөрүү үчүн атайын план түзүлдү. Айрым класстар онлайн окуп жаткандыгына байланыштуу 9-11-класстардын окуучуларынын арасында

"Тил-достуктун ачкычы" деген темада изилдөө долбоору өткөрүлдү. Долбоорго катышкан окуучулар орус, кытай, корей, түрк тилдеринин тилин, маданиятын, үрп-адатын, каада-салтын изилдеп, жактап айтып беришти.

5-класстар арасында "Улуттар аралык ынтымак" аттуу сүрөт конкурсу уюштурулуп, эң мыкты сүрөт тарткан окуучулардын сүрөттөрү тандалып, окуучулар грамота менен сыйланышты.

7-8-класстар арасында "Тил тагдыры-эл тагдыры" деген темада онлайн түрүндө дилбаян жаздырылды.

"Эне тил кадыры-эл кадыры" деген темада кыргыз тили жана адабияты Сагынбаева Гулзат 10-класстардын окуучулары менен онлайн түрүндө тегерек стол өткөрдү. Бул тегерек столдо ар бир элдин тилдериндеги өзгөчөлүктөр жана алардын кыргыз тилине болгон окшоштугун жана айырмачылыктарын айтып жатышты.

9-февралда "Эне тилим-эне сүтүм" деген темада 1-класстан 11-класска чейин класстык сааттар өткөрүлүп, ар бир класс жетекчи эне тил тууралуу окуучуларга маалымат беришти.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде уюшулган "Жаш толкун" ийримине катышкан таланттуу окуучуларга "Эне тилим-сыймыгым" деген темада ыр жазуу тапшырмасы берилип, окуучулардын жазган ырлары онлайн жыйынтыкталган кечеде окулду.

Февраль айында эне тилдин Эл аралык күнүнө арналган Бишкек шаарынын райондор арасында өткөрүлгөн "Манас айтуу" кароо сынагында мектептин 7-Б классынын окуучусу Жээнбеков Абзал катышып, 1-орунга ээ болуп, диплом жана акчалай сыйлык менен сыйланды.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жумалыгы болуп өттү. Жумалыкта 5-9-11-класстарга офлайн, ал эми 6-7-8-10 класстарга онлайн түрүндө ачык сабактар өтүлүп, жыйынтыгы чыгарылды. Курманбекова Карлыгач 5-Б класска кыргыз тили сабагынан "Мүчөнүн маанисине карай бөлүнүшү" деген темада көрсөтмөлүү сабак өттү. Сабак интерактивдүү доска менен өтүлдү. Сабагында ар кандай ыкмалар колдонулуп, окуучулар кызыгуу менен сабакка тартылып жатышты. Кабылова Даветай Таировна 8-Г, Д, Е класстарга кыргыз тили сабагынан "Толуктооч жана анын грамматикалык түзүлүшү" деген темада онлайн ачык сабак өттү. Мугалим онлай учурунда окуучулардын билим сапатын текшерүү

максатында ар кандай темадагы суроолорду түзгөн. Жаңы тема слайд аркылуу түзүлүп, мугалим презентациялады. Окуучулар сабакта түшүнгөндөрүн айтып берип жатышты. Табылдиева Айжан 6-А класска кыргыз адабияты сабагынан Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" аттуу повестин өттү. Сабак кырдаалга байланыштуу онлайн түрүндө болду. Окуучулар жакшы эле аракет кылып, берилген суроолорго жооп берип, тапшырмаларды аткарып жатышты. Сабактын тарбиялык мааниси өтө чоң болду. Убакытты туура пайдалануу керек экендиги эскертилди. Урматова Айчүрөк Дүйшеевна 5-Г классына кыргыз адабияты сабагынан Сооронбай Жусуевдин "Алакан" деген согуш мезгилине арналып жазылган ырын өттү. Окуучулардын иш-аракети жакшы. Мугалимдин кыймылы жай. Сабак адаттагыдай сабак болду. Мугалимге айрым сунуш-пикирлер айтылды. Сагынбаева Гүлзат Муратбековна кыргыз адабияты сабагынан Аман Саспаевдин "Татым туз" аңгемесин 9-Д класска өттү. Мугалим интерактивдүү доска менен өттү. Сабак жакшы пландаштырылган. Сабак көрсөтмөлүү болуп, максатына жетти. Сыдыкова Жылдызай 5-Ж класска Ч.Айтматовдун "Атадан калган туяк" аттуу аңгемесин өттү. Сабак абдан көрсөтмөлүү болду. Окуучулар сабакка жакшы катышып жатышты. Мугалимге айрым сунуштар айтылды. Сабак максатына жетти.

Мектептин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде таланттуу окуучулар менен иштеген "Жаш толкун" ийримине катышкан окуучулардын арасында "Эне тилим-сыймыгым" деген темада ыр чыгаруу, "Тил-элдин башкы маданияты" деген темада чыгармачылык долбоор, "Улуттар аралык ынтымак" деген темада сүрөт тартуу боюнча онлайн жана офлайн конкурстар жүргүзүлүп, жыйынтыгы жумалыкты жыйынтыктоо менен чыгарылды.

5-мартта Ак калпак күнүнө карата акция уюштурулуп, класстык сааттар өткөрүлдү. Кыргыз элинин улуттук баш кийими болгон калпактын түрлөрү жана келип чыгышы тууралуу баяндалган адабий кече болуп өттү. Кечени мектептин 9-Д классынын окуучулары уюштурушту. Ошондой эле ушул айда кыргыз элинин чыгаан жез таңдай акыны Өтө уулу Жеңижоктун 160 жылдыгына карата акындын өмүр баянын жана чыгармаларынын мазмунун ачып берүү максатында 9-класстын окуучулары дилбаян жазышып, ал эми 5-класстын окуучулары жазгыч акын Тоголок Молдонун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат алуу максатында чейректик жат жазуу жазышты.

Апрель айында 5-класстарынын улантмалуулук боюнча кыргыз тили жана адабияты предметинен көндүмдөрүн текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылды. Мектептеги бирден-бир көйгөйлүү маселе бул-улантмалуулук эмеспи. Улантмалуу билим берүү деген–үзгүлтүксүз байланышты түзүү жана окуу предметтерин окуучуларга билим берүүдө ар бир баскычты туура байланыштыруу.

Февраль айында 5-11-класстардан кыргыз тили сабагынан билим деңгээлин аныктоочу жазуу иши алынып, төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды:

| кл | окууч. саны | жазг | жазб | "5" | "4" | "3" | "2" | а/э | б/с | жетишүү | окутуу деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-кл | 239 | 223 | 16 | 48 | 101 | 61 | 13 | | 66% | 94% | 61% |
| 6-кл | 250 | 250 | | 25 | 99 | 125 | | | 50% | 100% | 53% |
| 7-кл | 219 | 213 | 6 | 33 | 88 | 84 | 8 | | 57% | 96% | 57% |
| 8-кл | 187 | 183 | 4 | 26 | 60 | 91 | 5 | | 46% | 97% | 53% |
| 9-кл | 156 | 153 | 3 | 39 | 74 | 39 | 1 | | 71% | 99% | 63% |
| 10-кл | 73 | 73 | | 20 | 35 | 19 | | | 74% | 100% | 86% |
| 11-кл | 55 | 52 | 3 | 15 | 27 | 10 | | | 81% | 100% | 69% |
| **ж** | **1179** | **1147** | **32** | **206** | **484** | **429** | **27** | | **60%** | **98%** | **59%** |

Ал эми май айында 5-11-класстар арасында алынган билим деңгээлин аныктоочу жазуу ишинин жыйынтыгын карап көрсөк бир аз өсүш болгондугу байкалат:

| кл | Окууч саны | жазг | жазб | "5" | "4" | "3" | "2" | а/э | б/с | жетишүү | окутуу деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-кл | 239 | 222 | 17 | 43 | 95 | 84 | | | 62% | 100% | 60% |
| 6-кл | 250 | 250 | | 37 | 99 | 114 | | | 54% | 100% | 57% |
| 7-кл | 219 | 207 | 12 | 29 | 91 | 87 | | | 58% | 100% | 57% |
| 8-кл | 187 | 117 | 70 | 20 | 39 | 58 | | | 50% | 100% | 56% |
| 9-кл | 156 | 156 | | 27 | 91 | 38 | | | 76% | 100% | 63% |
| 10-кл | 73 | 73 | | 22 | 35 | 16 | | | 78% | 100% | 69% |
| 11-кл | 55 | 48 | 7 | 20 | 23 | 5 | | | 89% | 100% | 76% |
| **ж** | **1179** | **1073** | **106** | **198** | **473** | **402** | | | **62%** | **100%** | **60%** |

Жыйынтык: 2020-2021-окуу жылында окуучулардын кыргыз тили сабагынан алынган билим деңгээлин аныктоочу жазуу ишинин жыйынтыгын алып карай турган болсок, октябрь айында аралыктан окутуу учурунда 5-11-класстардан алынган жазуу ишинде 43 окуучу "2" деген баага жазышып 53% ды түздү. Ал эми февраль айында 5-9-11-класстар окуп калгандыгына байланыштуу жазуу ишин жакшы жазышып, "2"ге 27 окуучу жазып, 60%

болсо, май айында алынган жазуу ишинде билим сапаты 62%, жетишҮҮ 100% болду.

2020-2021-окуу жылында 5-11-класстардын кыргыз тили жана адабияты сабагынан билим сапаты төмөндөгүдөй болду:

| | Класстар | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | жылдык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | б/с% | жет% | б/с% | жет% | б/с% | жет% | б/с% | жет% | б/с% | жет% |
| 1 | 5-класс | 56% | 100% | 56% | 100% | 58% | 99% | 61% | 100% | 57% | |
| 2 | 6-класс | 56% | 100% | 59% | 100% | 56% | 100% | 56% | 100% | 56% | 100% |
| 3 | 7-класс | 57% | 100% | 55% | 100% | 53% | 100% | 53% | 100% | 54% | 100% |
| 4 | 8-класс | 44% | 100% | 42% | 100% | 44% | 100% | 45% | 100% | 50% | 100% |
| 5 | 9-класс | 58% | 100% | 60% | 100% | 71% | 100% | 74% | 100% | 73% | 100% |
| 7 | 10-класс | 77% | 100% | 79% | 100% | 81% | 100% | 81% | 100% | 81% | 100% |
| 8 | 11-класс | 71% | 100% | 82% | 100% | 93% | 100% | 84% | 100% | 85% | 100% |
| 9 | жалпы | 56% | 100% | 57% | 100% | 59% | 99% | 60% | 100% | 59% | 100% |

Кыргыз адабияты сабагынан 2020-2021-окуу жылында билим сапаты төмөндөгүдөй болду:

| | Класстар | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | жылдык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | б/с% | жет% | б/с% | жет% | б/с% | жет% | б/с% | жет% | б/с% | жет% |
| 1 | 5-класс | 56% | 100% | 57% | 100% | 63% | 100% | 62% | 100% | 60% | 100% |
| 2 | 6-класс | 57% | 100% | 58% | 100% | 56% | 100% | 54% | 100% | 56% | 100% |
| 3 | 7-класс | 62% | 100% | 59% | 100% | 56% | 100% | 57% | 100% | 56% | 100% |
| 4 | 8-класс | 43% | 100% | 43% | 100% | 44% | 100% | 46% | 100% | 50% | 100% |
| 5 | 9-класс | 57% | 100% | 63% | 100% | 78% | 100% | 69% | 100% | 72% | 100% |
| 7 | 10-класс | 78% | 100% | 77% | 100% | 77% | 100% | 79% | 100% | 79% | 100% |
| 8 | 11-класс | 73% | 100% | 80% | 100% | 82% | 100% | 60% | 100% | 81% | 100% |
| 9 | жалпы | 58% | 100% | 58% | 100% | 61% | 99% | 60% | 100% | 60% | 100% |

2020-2021-окуу жылында аралыктан окутуунун оң жана терс жактарын эске алуу менен жана адаттагыдай окутуунун негизинде төмөндөгүдөй сунуштар жана милдеттер жазылды:

1. Кандай гана жагдай болбосун окуу процесси талапка жооп бериши керек.

2. Илим менен техниканын өнүккөн заманында окуучуларга ар тараптан

жеткиликтүү билим берүү.

3. Окуучуларды көркөм чыгармаларды окууга кызыктыруу, сабаттуу жазууга көнүктүрүүнүн жигердүү ыкмасын ойлоп чыгуу

Мектеп директору Исанова Ж.М

УБ жетекчиси Курманбекова К.Ж